# АДАБИЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КОНЦЕПЦИЯСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

Батыркулова А.Б.
КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын 5-пунктуна ылайык **Мамлекеттик тилди эне тили, экинчи тил катары окутуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кыргыз тили жана адабиятын окутуу концепциялары Кыргыз билим бер**үү академиясы тарабынан **2021-жылы өркүндөтүлүп иштелип чыгып, коомдук талкуудан өтүп,** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 24-майындагы Коллегиясында каралып, №2/4 чечими менен 2022-жылдын 3-июнундагы №1113/1 буйругу менен бекитилди.

# АДАБИЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН концепциясы
# төмөнкү бөлүмдөрдөн турат.

1. КИРИШҮҮ
2. Жаңы концепциянын зарылдыгы
3. Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары жана милдеттери
4. Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери
5. Адабиятты окутуу процессинде окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр жөнүндө
6. Адабият сабагында окуу-тарбия процесси. Адабият мугалим
7. Окуу-тарбия процессинин илимий-методикалык жактан камсыздандырылышы
8. Окутуу мамлекеттик эмес тилдерде жүргүзүлгөн мектептердеги(класстардагы) кыргыз адабияты

# Адабий билим берүү концепциясынын максаты

1. Мектептеги адабият предмети - көркөм адабиятка коом мүчөлөрүн кызыктыруунун, алардын окурмандык маданиятын калыптоонун бирден бир формасы.

**2.** Кыргыз адабиятын окутуунун натыйжалуулугун арттыруунун багытын аныктоо, окутуу мазмунун турмушта пайдалана билүүгө багыттоо

# Адабият мугалиминин өзгөчөлүгү :

Жазуучу – чыгарма – окурман (окуучу) үч бурчтугунун ортосунда көпүрөлүк милдет аткаргандыгы. Адабият мугалиминин башкы милдети - өз окуучусун чыныгы адам кылып, мекенчил жана улуттук рухту сыйлоочу, алып жүрүүчү катары тарбиялоо, ыйман-ынсаптуу адам катары калыптандыруу



# Адабий билим берүүнүн концепциясынын өзгөчөлүктөрү

**Салыштырма таблица аркылуу**

| № | Адабий билим берүүнүн концепциясы (2006) Аракеттеги редакция | Адабий билим берүүнүн өркүндөтүлгөн концепциясы (2021) Жаңы редакция |
|---|---|---|
| 1 | Адабий билим берүүнүн концепциясы 2006-жылы С.Байгазиев, А.Муратов, А.Турдугулов, Т.Үсөналиев тарабынан иштелип чыккан. | Адабий билим берүүнүн концепциясынын долбоору 2021-жылы С.Байгазиев, А.Муратов, Б.Абдухамидова, К.Акматов, А.Батыркулова, З.Мурзалиева тарабынан өркүндөтүлүп иштелип чыкты. |
| 2 | Адабий билим берүүнүн концепциясы. Алгы сөз<br>Алгы сөздө мектептин башкы багыты, адабиятты мектептеги үйрөтүүдөгү негизги максат, кыймылдаткыч күч мугалим менен окуучунун кызматташтыгы экендиги айтылган. . | Адабий билим берүүнүн концепциясы.<br>Алгы сөз киришүү деп аталып, анда кыргыз адабияты- КРнын бардык тилдеги, бардык типтеги мектептеринде милдеттүү түрдө окутулуучу предмет, окуу этаптары башталгыч, негизги жана толук курсту толук камтып, бардык тилдеги мектептерде кыргыз тилинде гана жүргүзүлө тургандыгы, адабият сабагын адабият таануу илимисиз тарыхый адабий базасын окутуу мүмкүн эместиги, кыргыз адабияты мугалиминин мүмкүнчүлүгү, жаңы сапаттык бийиктикке кантип жетүү керек жолдору көрсөтүлгөн |

| № | Адабий билим берүүнүн концепциясы (2006) Аракеттеги редакция | Адабий билим берүүнүн өркүндөтүлгөн концепциясы (2021) Жаңы редакция |
|---|---|---|
| 3 | Кыргыз мектептеринде адабий билим берүүнүн абалы жана аны өнүктүрүүнүн тенденциялары<br>Адабий билим берүүнүн мазмуну жана түзүлүшү. Башталгыч класстар, ортоңку звено, жогорку звено деп берилген болсо | ЖАҢЫ КОНЦЕПЦИЯНЫН ЗАРЫЛДЫГЫ.<br>1-баскыч. Башталгыч класстар (1-4-класс)<br>2-баскыч. Негизги мектеп (5-9)<br>3-баскыч жогорку мектеп 10-11-класстар деп аталыштарына өзгөртүүлөр киргизилди, учурдун талабына ылайык ички мазмуну тереңдетилип берилди. |
| 4 | Окуучулардын адабияттан милдеттүү жана жогорулатылган даярдыгынын деңгээли жөнүндө бөлүмчөсүндө милдеттүү түрдө (“базалык билим деңгээли”) минимум көрсөтүлгөн. Факультативдик сабактар, адабиятты дифференцирлеп окутуу жөнүндө сөз болгон. | 2-концепцияда, Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары жана милдеттери так, даана көрсөтүлгөн |

| № | Адабий билим берүүнүн концепциясы (2006) Аракеттеги редакция | Адабий билим берүүнүн өркүндөтүлгөн концепциясы (2021) Жаңы редакция |
|---|---|---|
| 5 | Компетенттүүлүктөр көрсөтүлгөн эмес | Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери. Адабиятты окутуу процессинде окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр жөнүндө деген бөлүмдөр жаңы киргизилди. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде инсанга багытталган окутууга өзгөчө маани бириле тургандыгы, окутуунун мазмуну кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу, ааламдаштыруу,гумандаштыруу, философиялаштыруу маселелери, мектепте адабиятты окутууга коюлган жаңы талаптар боюнча предмет боюнча окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр так көрсөтүлгөн. |
| 6 | **Окуу-тарбия процессинин илимий-методикалык жактан камсыздандыры лышы.** | Компетенттүүлүктөрдүн негизинде инсанга багыттап окутууда *репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү (чыгармачылык) 3 деңгээлде* окуучулар ээ боло турган натыйжаларга көнүл буруу;<br>PISAга даярданууда кыргыз тили жана адабияты сабактарынын ролу, "окурмандык сабаттуулукту" өнүктүрүүчү тапшырмалар боюнча сунуштар берилген. |

| № | Адабий билим берүүнүн концепциясы (2006) Аракеттеги редакция | Адабий билим берүүнүн өркүндөтүлгөн концепциясы (2021) Жаңы редакция |
|---|---|---|
| 7 | Окутуу мамлекеттик эмес тилде жүргүзүлгөн мектептердеги (класстардагы) кыргыз адабияты боюнча маалымат берилген эмес. | Өркүндөтүлгөн концепцияда окутуу мамлекеттик эмес тилде жүргүзүлгөн мектептердеги (класстардагы) кыргыз адабиятын окутууда адабий материалдар тил үйрөтүүгө көмөктөш болгондуктан чыгармалар кеңири адабий-теориялык, тарыхый талдоого алынбастыгы, этномаданий, этнопедагогикалык, лингвистикалык маанисине өзгөчө басым жасала тургандыгы, полимаданий инсан катары калыптануусу, башка улуттук руханий байлыктарды өздөштүрүү сезимдеринин өсө тургандыгы, чыгармаларды салыштыруу компетенттүүлүктөрү калыптана тургандыгы, жалпы улуттарга тиешелүү жалпы адамзаттык баалуулуктарды үйрөнө тургандыгы аныкталып көрсөтүлгөн. |


# Жетекчиликке алынуучу нормативдик документтер

1. КРнын Президентинин Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы тууралуу Указы (2021);
2. Кыргыз Pecrrубликасынын Президентинин 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы; (2020-ж 13-ноябрь №39 Жарлык)
3. КРнын Президентинин «Улуттук нарк тууралуу» указы, 2022-ж. 20-май,
4. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июль № 403 токтому )
5. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы (КРнын Өкмөтүнүн 2020-ж.1-октябрь № 510 токтому)




## Жетекчиликке алынуучу нормативдик документтер

Окутуу-тарбиялоо ишинде мамлекеттик маанилүү документтерди эске алуу, жаш муундарга адеп-ахлактык тарбия берүү жана дене тарбиясын өнүктүрүү билим берүүдөгү артыкчылыктуу багыттар болуу менен, Кыргыз Республикасында "кыргыз жараны" түшүнүгүнүн калыптанышы, улуттук нарктарды жаш муундун өкүлдөрүнө үйрөтүү, улуттук нарктык руханий жана материалдык маданиятыбызды сактоо, аларды кыргыз адабияты сабактарынын мазмуну менен айкалыштыруу аркылуу окуу материалдарынын мазмунун байытуу, аларды максаттуу колдонуу мектеп мугалиминин негизги милдеттеринен болуп саналат.



**2022-2023- окуу жылында**

- ❖ адабий билим берүүнүн концепциясы (2022),
- ❖ предметтик стандарт (2014)
- ❖ окуу программасы (2018):

**Кыргыз адабиятын кыргыз мектептеринде окутууда**

- ❖ С.Байгазиев, А. Муратов, Б. Абдухамидова, К.Акматов 5-6-класстары үчүн (2018)
- ❖ 7-11- класстар үчүн С.Байгазиев, А. Муратовдун окуу программасы (2017) жетекчиликке алынат.

КР Жалпы билим берүүчү уюмдарынын 2022/2023-окуу жылы үчүн **Базистик окуу планына ылайык мамлекеттик компоненттеги кыргыз адабиятына ыйгарылган сааттарда өзгөрүүлөр болгон жок.**



| Класстар | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бөлүнгөн сааты | 2 | 2 | 3 | 2 | 3 | 3 | 3 |
| Жыл бою | 68 | 68 | 102 | 68 | 102 | 102 | 102 |

# Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери

- окутуунун натыйжалары – бул **теориялык билимдердин жыйындысы эмес,**
- билимдерди окуучулар практикада, өз жашоосунда колдонуу.
- Инсанга багыттап окутууда компетенттүүлүктөрдүн негизинде негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр боюнча *репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү (чыгармачылык) деңгээлдерде* окуучулар ээ боло турган натыйжаларга көңүл буруу зарыл.

Кыргыз адабиятын окутуу  педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет.

Кыргыз адабиятын окутуу процессинде **инсанга багытталган окутууга** өзгөчө маани берилет.

Сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндоо, жазуу иштери, чыгармаларга карата аргументтүү   эссе же пикир жазуу аркылуу жүргүзүлөт.

Окутуунун  методдору менен маалыматтык-коммуникациялык технологияларды айкалыштырып колдонгондо  мугалим оптималдуу натыйжага жетишет.



# XXI кылымда мектептерде балдарга эмнени үйрөтүүгө көңүл буруу керек?

| Базалык көндүмдөр | Компетенциялар (4К) | Жеке сапаттар |
| --- | --- | --- |
| • **Окуу жана жазуу көндүмдөрү**<br>• Математикалык сабаттуулугу<br>• Табигый жана так илимдер боюнча сабаттуулугу<br>• МКТ боюнча сабаттуулугу<br>• Финансылык сабаттуулугу<br>• Маданий-жарандык сабаттуулугу | • Сынчыл ой жүгүртүү<br>• Креативдүүлүк<br>• Баарлашуу жөндөмү (коммуникация)<br>• Командада иштөө жөндөмү (кызматташуу) | • Аракетчил<br>• Демилгечил<br>• Өжөр<br>• Ыңгайлашуу жөндөмү<br>• Лидерлик сапат<br>• Социалдык жана маданий жактан сабаттуу |



- STEM же (STEAM) методу билим берүүнүн эң заманбап жана келечектүү тенденциясы. Бул математика, физика, химия, программалоо, сүрөт, тилдер бир билим берүү программасына бириктирилген.
- STEAM - бул аралаш билим берүү чөйрөсүндө балага илимди жана искусствону күнүмдүк жашоодо кантип колдонууну көрсөтүп-үйрөтүүчү дүйнөлүк билим берүү тенденцияларынын бири.
- Заманбап педагогикалык технологияларга ээ болуу (STEM технологиялары, долбоордук окутуу технологиясы, көйгөйлүү окутуу технологиясы, кызматташуу технологиясы, компьютердик технология) мугалимдин методикалык маданиятынын курамдык бөлүгү болуп эсептелет.

***Жаңы технологияларды окуу процессине киргизүү окуучунун көнүмүш мамилесин, ошондой эле мугалимдин позициясын да өзгөртөт.***

# ОКУРМАНДЫК САБАТТУУЛУК:

**Окуу сабаттуулугу** – алдыга коюлган максаттарга жетүү, билим деңгээлин жогорулатуу, мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, социалдык жашоо-турмушка аралашуу үчүн окуу менен алектенүү, жазуу жүзүндөгү тексттерди түшүнүү жана аларды пайдалануу жөндөмү.

кыргыз тили, адабияты сабактарында окуп-түшүнүү, угуп-түшүнүү сабаттуулуктарын, текст менен иштөөнүн ар кандай ыкмаларын, сынчыл ойломдорун өнүктүрүүнүн үстүндө иштөө зарыл.



**Функционалдык сабаттуулук** –адамга **ОКУУГА, ЖАШООГО ИШТӨӨГӨ** жардам бере турган **сабаттуулук.**

"Функционалдык сабаттуу адам - бул ишмердүүлүктүн түрдүү чөйрөлөрүндө, баарлашууда жана социалдык мамилелерде турмуштук маселелерди чечүү үчүн өмүр бою тынымсыз алып турган билимдер менен көндүмдөрдү колдонууга жөндөмдүү адам". (Леонтьев А.А.: [Образовательная система «Школа 2100». Педагогика здравого смысла / под ред. А. А. Леонтьева. М.: Баласс)



# АДАБИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫ

— ОКУРМАНДЫК САБАТТУУЛУК
— КРЕАТИВДҮҮ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

**ИШКЕ АШЫРУУ ЖОЛДОРУ**
**2022/23 жыл**

**ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ**

**ОКУУ ПРОГРАММАСЫ**

**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСИ**




**Предметтик стандарттын, окуу программасынын, ОМКнин мазмунуна киргизүү:**

© АО «Издательство «Просвещение», 2022

# КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ

- **ЭМНЕ МААНИЛҮҮ БОЛДУ?**
- **КАНДАЙ СУРООЛОР ПАЙДА БОЛДУ?**
- **БИЗДИН ИШИБИЗДИ ЖАКШЫРТКАНГА КАНДАЙ СУНУШ-ПИКИРЛЕРИҢИЗ БАР?**

e-mail.batirkulovaa@mail.ru

Көңүл бурганыңыздарга

РАХМАТ!

